*Долбоор*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Ушул Мыйзам билим алуу укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө жана билим берүү чөйрөсүндөгү адамдын укуктары менен эркиндиктеринин мамлекеттик кепилдиктерин камсыз кылууга, ар бир адамдын коомдун пайдалуу мүчөсү болушуна, коомду өнүктүрүүгө, өз ара түшүнүүгө жана тынчтыкка көмөктөшө тургандай мүмкүнчүлүк берген Кыргыз Республикасында билим берүү тутумун өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган.

Ушул Мыйзам билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптерин аныктайт, Кыргыз Республикасында билим берүү ишинин укуктук, социалдык-экономикалык, уюштуруучулук негиздерин белгилейт.

## 1-глава. Жалпы жоболор

### 1-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

Ушул Мыйзамда негизги түшүнүктөр төмөндөгүдөй мааниде колдонулат:

**административдик автономия** – билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүндө, адам ресурстарын жана активдерди жетектөөдө башкаруу чечимдерин өз алдынча кабыл алуу укугу;

**академиялык эркиндик -** окутуунун усулдарын, формаларын эркин тандоо жана изилдөө чөйрөлөрүн тандоо укугу;

**академиялык чынчылдык –** билим берүү процессинин катышуучуларынын татыктуу жүрүм-турумун калыптандыруучу баалуулуктардын жана принциптердин жыйындысы, плагиатка жол бербөө жана сыйлык же белек үчүн окуучулардын билимин баалоону жокко чыгаруу;

**аккредитация –** агенттик тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден төмөн эмес белгиленген талаптарга жана критерийлерге билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин бүтүндөй же анын айрым бир билим берүү программаларын баалоонун жол-жобосу;

**аккредитациялык агенттик** – ишмердүүлүгүндө билим берүү уюмун аккредитациялоо жолу менен билим берүүнүн сапатын сырттан баалоого багытталган көз карандысыз коммерциялык эмес уюм;

**бакалавр** – бакалавр билим берүү программаларын өздөштүргөн адамдарга квалификация деңгээлин белгилеген жана ыйгарылуучу жогорку кесиптик билим берүүнүн академиялык даражасы, магистратурага өтүүгө жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;

**валидация –** квалификациясын ырастоочу документти берүү менен тигил же бул тармакта практикалык жол менен алынган кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү тастыктоо жана таануу;

**ваучер** – менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарынын билим берүү кызматтарын сатып алуунун бюджеттин каражаты менен төлөөгө арналган, мамлекет тарабынан накталай эмес формада окуганга берилген финансылык инструмент;

**кош окутуу** – жумуш ордунда окутууну кесиптик билим берүү менен айкалыштырган окутуу формасы;

**инклюзивдик билим берүү** – билим берүү муктаждыктарынын көп түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

**билим берүүнүн сапаты** – бул реалдуу жетишилген натыйжалардын билим берүү процессинин ченемдик талаптарына, ошондой эле социалдык жана жеке күтүүлөргө дал келүү деңгээлин чагылдырган билим берүү тутумунун мүнөздөмөсү;

**квалификация** – белгиленген үлгүдөгү документ менен ырасталуучу кесиптик иштин белгилүү бир түрүн аткарууга даярдыгын мүнөздөгөн билимдин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн жана социалдык-жеке инсандык компетенциялардын деңгээли;

**компетенттүүлүк** – белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу жана жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн окутулуучуга зарыл болгон билим берүүну камсыз кылуучу алдын ала белгиленген социалдык талап (ченем) ;

**магистр** – изилдөө жөндөмүнө ээ адамдын жогорку кесиптик билиминин академиялык даражасын, деңгээлин белгилөөчү жана адамдарга ыйгарылуучу изилдөө көндүмдөрүнө ээ болгон, магистратуранын билим берүү программаларын өздөштүргөн жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга жана аспирантурага, базалык докторантурага тапшырууга укук берилиши (PhD/профиль боюнча);

**көп тилдүү билим берүү** – эки же андан көп тилди колдонуу менен окутуу каражаты катары предметтерди окутуу процесси;

**квалификациялардын улуттук алкагы** – эмгек рыногун өнүктүрүү стратегиясын түзүүгө багытталган бардык деңгээлдеги билим берүү квалификациясынын түзүмү;

**билим берүүнүн сапатын көз карандысыз баалоо** – билим берүү ишмердүүлүгү жөнүндө, окуп жаткандарды даярдоонун сапаты жана билим берүү программаларын ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды алууга багытталган;

**формалдуу эмес билим берүү** – инсандын өмүр бою формалдуу билим алуусунан тышкары кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү камсыз кылган максаттуу жана пландаштырылган билим берүү ишмердүүлүгү;

**билим берүү** – адамдын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында жүзөгө ашырылуучу тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү максаттуу процесси, ошондой эле алынган билимдердин, көндүмдөрдүн, баалуулук орнотмолорунун жана компетенциялардын жыйындысы

**билим берүү ишмердүүлүгү** – билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүк;

**билим берүү кызматтары** – билим берүү, көндүмдөрдү берүү, кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу жана окуп жаткандардын өздөштүрүүсү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

**билим берүү процесси** – окуп жаткандардын билим берүү программаларынын мазмунун өздөштүрүүсүн камсыз кылуу үчүн, билим берүү уюмдарынын окутууну, өнүктүрүүнү жана тарбиялоону уюштуруу тутуму;

**окутулуучу** – билим алуунун ар кандай денгээлинде билим берүү программасын өздөштүргөн адам;

**педагогикалык кызматкер** – тиешелүү кесиптик билими жана квалификациясы бар, билим берүү уюмдарында иштеген, окуу, тарбиялоо, методикалык, уюштуруучулук илимий, жетектөөчү же башка билим берүү ишин жүзөгө ашырган жеке адам;

**кесиптик өнүгүү** – кесиптик билим алуу, квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле кесибине ылайык кошумча билим алуу муктаждыктарын ишке ашыруу жана кесип тандалган учурдан тартып кесиптик карьерасын аяктаганга чейин кызматкерлердин калыптанышынын жана кесиптик өсүшүнүн ырааттуу процесси;

**кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жүзөгө ашыруу жана белгилүү бир эмгек функциясын аткаруу үчүн зарыл болгон квалификациянын мүнөздөмөсү;

**сертификаттоо** – квалификациянын деңгээлин тастыктоо менен компетенцияларды (билимди, жөндөмдүүлүктү жана көндүмдөрдү) баалоо;

**билим берүү процессин коштоо** – билим берүү муктаждыктарын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутулуучу инсандын өнүгүшү жана аны ийгиликтүү окутуу үчүн социалдык-психологиялык жана педагогикалык шарттарды түзүү;

**адис** – жогорку кесиптик билим берүүнүн программасын өздөштүргөндөн кийинки адамдарга ыйгарылуучу жана кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга жана аспирантурага, базалык докторантурага (PhD/профиль боюнча) өтүүгө укук берүүчү кесиптик билим берүүнүн жогорку окуу жайларынын квалификациясы;

**ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан билим берүү жана илим чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана аныктоого ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган;

**билим берүү деңгээли –** талаптардын белгилүү бир бирдиктүү жыйындысы менен мүнөздөлгөн билим берүүнүн аяктаган цикли;

**билим берүү процессинин катышуучулары** – окуп жаткандар, педагогикалык кызматкерлер, окуп жаткандардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) жана иш берүүчүлөр;

**окуу-өндүрүштүк комплекс** – бул билим берүү уюмдарынын базасында түзүлгөн структура, анда окуучулар алган билимдерин жана көндүмдөрүн иш жүзүндө колдонууга, чындыкка жакын өндүрүштүк милдеттерди түздөн-түз аткарууга мүмкүнчүлүк алышат;

**финансылык автономия** – билим берүү уюмунун уставында каралган билим берүү жана башка иштерди колдоо жана өнүктүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген, максаттарда финансылык ресурстарды тартуу жана аларды тескөө укугу;

**формалдуу билим берүү** – мамлекеттик билим берүү стандартынын алкагында билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү камсыз кылуучу максаттуу жана пландаштырылган билим берүү ишмердүүлүгү;

**экстернат** – окуу формасы, анын ичинде үй-бүлөлүк окутуу, өзүн-өзү билим деңгээлин жогорулатуу жана окуутулуучу өз алдынча тездетип билим берүү уюмунда аттестациялоо менен билим алуусу;

**электрондук (онлайн) окутуу** – маалыматтык жана электрондук технологиялардын жардамы менен окутуунун бир түрү.

**2-берене. Билим берүү тууралуу мыйзамдар**

1. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери менен жөнгө салынат.

2. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде ушул Мыйзамда жана билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдердин эрежелери колдонулат.

3. Эгерде билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салган жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актыларында камтылган ченемдерде ушул Мыйзамда каралгандан башка эрежелер белгиленсе ушул Мыйзамдын ченемдери колдонулат.

**3-берене. Ушул Мыйзамдын милдеттери**

Ушул Мыйзамдын негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр үчүн укуктук, экономикалык жана финансылык шарттарды түзүү болуп саналат:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын курамдык бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери менен кепилденген билим алуу укугун ишке ашыруу;

2) Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун натыйжалуу иштеши жана өнүгүшү;

3) ушул Мыйзамда аныкталган принциптерге ылайык билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

4) мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ушул Мыйзамда аныкталган билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу;

5) менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарынын ишине;

6) билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу;

7) билим берүү чөйрөсүндө коопсуздук чараларын, мониторингди жана баалоону, каржылоону жана эл аралык кызматташууну жүзөгө ашыруу.

**4-берене. Билим алуу укугу**

1. Кыргыз Республикасында ар бир адам жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этностук таандыктыгына, туткан динине, курагына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу .

2. Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим алышат.

**5-берене. Билим алуу укуктарына мамлекеттик кепилдиктер**

Мамлекет жарандардын билим алууга болгон укуктарын ишке ашырууну, сактоону жана коргоону төмөнкүлөр аркылуу кепилдейт:

1) ар бир адамга сапаттуу билим берүүгө багытталган инсандын, коомдун жана мамлекеттин таламдарына ылайык келген билим берүү тутумун түзүү;

2) жарандардын акысыз мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана жалпы орто билим алуу укугун, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде кесиптик башталгыч билим алуу укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;

3) ар бир адамдын кесиптик орто, кесиптик жогорку, ошондой эле жождон кийинки кесиптик билимге жетүүсү үчүн шарттарды түзүү;

4) инклюзивдик билим берүү жана билим алууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана басмырлоонун ар кандай көрүнүштөрүнө жол бербөө;

5) өзгөчө муктаждыктары бар же болбосо турмуштук оор кырдаалга кабылган аялуу категорияга киришкен адамдарга мамлекет тарабынан даректүү колдоо көрсөтүү;

6) менчигинин түрүнө карабастан билим берүүнүн бардык түрлөрүн, формаларын өнүктүрүү үчүн бирдей шарттарды түзүү;

7) билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты калыптандырууда жана ишке ашырууда мамлекеттин, жергиликтүү жамааттардын, билим берүү процессинин

катышуучуларынын жана жарандык коомдун натыйжалуу өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүү;

8) билим берүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды натыйжалуу жана максаттуу пайдалануу.

**6-берене. Билим берүү тутуму**

Кыргыз Республикасынын билим берүү тутуму жарандардын билим алуусунда алардын конституциялык укугун ишке ашырууга жана ар бир адам үчүн сапаттуу билимге жетишүүгө багытталган өз ара аракеттенүүчү уюмдардын, саясаттын жана чаралардын бирдиктүү, комплекстүү жана интеграцияланган жыйындысы болуп саналат. Билим берүү тутумуна төмөнкүлөр кирет:

1) билим берүү чөйрөсүндөгү, анын ичинде билим берүүнү уюштуруу, башкаруу жана каржылоо маселелериндеги мамлекеттик саясат, мамлекеттик билим берүү стандарттары;

2) билим берүү уюмдары;

3) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

4) билим берүү процессинин катышуучулары.

**7- берене. Билим берүүнүн деңгээли**

1. Кыргыз Республикасында билим берүү формалдуу билим берүү болуп саналган жалпы жана кесиптик билим берүү жана формалдуу эмес билим берүү болуп саналган кошумча билим берүү аркылуу ишке ашырылат.

2. Жалпы (формалдуу) билим берүүгө мектепке чейинки билим берүү, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү кирет.

3. Кесиптик (формалдуу) билим берүүгө башталгыч кесиптик билим берүү, кесиптик орто билим берүү, кесиптик жогорку билим берүү, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү кирет.

4. Кошумча (расмий эмес) билим берүүгө балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү жана кошумча кесиптик билим берүү кирет.

**8-берене. Маалыматтык тутуму**

1. Билим берүүнүн маалыматтык тутуму билим берүү тутумунун абалы жөнүндө объективдүү жана так маалымат алуу үчүн, мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, билим берүү процессинин катышуучулары тарабынан илимий жактан негизделген башкаруучулук, финансылык жана башка чечимдерди кабыл алынышына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү тутуму жөнүндө маалыматтардын ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоого арналган.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган билим берүүнүн маалыматтык тутумун башка мамлекеттик маалыматтык ресурстар менен бирдиктүү жана интеграцияланган ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.

3. Маалыматтык тутуму билим берүү уюмдары, окуучулар, кадрлар, билим берүү кызматтарынын сапатын баалоонун натыйжалары, билим берүү жөнүндө документтер, лицензиялар, аккредитациялар, бюджеттер жөнүндө маалыматтар базасын жана маалыматтарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголгон жеке маалыматтардан тышкары билим берүү чөйрөсүнүн абалын чагылдырган ар кандай башка маалыматтарды камтыйт.

4. Билим берүүнүн маалыматтык тутумун уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

## 2-глава
## Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат

**9- берене. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын принциптери**

Билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүү жана жүзөгө ашыруу төмөнкү принциптерге негизделген:

1. ар бир адамга коомдун пайдалуу мүчөсү болууга, коомдун өнүгүшүнө, өз ара түшүнүшүүгө жана тынчтыкка өбөлгө түзүүгө мүмкүндүк берүүчү билим берүү тутумун түзүү үчүн укуктук, уюштуруучулук жана финансылык шарттарды түзүү;

2. билим берүүнүн бардык деңгээлдеринин жеткиликтүүлүгү;

3. бардык жарандардын сапаттуу билим алуу укуктарынын теңдиги;

4. адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо, билим берүүнүн инклюзивдүүлүгү жана билим берүү чөйрөсүндө басмырлоонун ар кандай көрүнүштөрүнө жол бербөө;

5. билим берүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын жалпыга таанылган эл аралык ченемдерин жана эл аралык милдеттенмелерин ишке ашыруу;

6. Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын башталгыч жалпы, жалпы негизги жана орто жалпы билим алуусунун милдеттүүлүгү;

7. Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын акысыз негизде мектепке чейинки билим, жалпы башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим жана баштапкы кесиптик билим алышы;

8. менчигинин кандай түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында конкурстук негизде мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү;

9. ар бир адамдын өзүн-өзү деңгээлин жогорулатууну ишке ашыруусуна шарт түзүү, анын мүмкүнчүлүктөрүн эркин өнүктүрүү, анын ичинде билим берүү укугу жана билим берүү уюмунун формаларын тандоо, ошондой эле өмүр бою билим алууга мүмкүнчүлүк түзүү;

10. педагогикалык кызматкерлердин статусун жогорулатуу, кесиптик өнүгүү жана педагогикалык кызматкерлердин кесиптик бирикмелери үчүн шарттарды түзүү;

11. билим берүүнүн жана тарбиялоонун гуманисттик мүнөзү, окуучуларда жалпы адамзаттык баалуулуктардын гармониялуу тутумун калыптандырууга багыттоо;

12. билим берүүнүн динден тышкаркы мүнөзү;

13. билим берүүнүн саясий жана диний институттардан көз карандысыздыгы; билим берүү уюмдарында саясий партияларды жана диний уюмдарды (бирикмелерди) түзүүгө жана алардын ишине тыюу салуу;

14. Кыргыз Республикасынын аймагында билим берүү мейкиндигинин биримдиги, анын бардык деңгээлдеринин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылган билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү;

15. билим берүүнүн бардык формалдуу деңгээлдеринде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана көз карандысыз баалоо;

16. ваучердик каржылоону пайдалануу менен билим берүүнү мамлекеттик жактан каржылоо;

17. билим берүү уюмдарынын административдик жана каржылык жактан өз алдынчалыгы;

18. билим берүү уюмдарынын академиялык эркиндиги жана академиялык бүтүндүгү;

19. билим берүү процессинин катышуучуларынын билим берүү уюмдарын башкаруу процесстерине катышуу укуктарын камсыз кылуу аркылуу билим берүү тутумун башкаруунун демократиялык мүнөзү;

20. менчигинин кандай түрүнө карабастан бардык билим берүү уюмдары үчүн бирдей шарттарды түзүү, билим берүү чөйрөсүндө атаандаштыкты чектөөгө жол бербөө;

21. билим берүү тутумун санариптештирүү жана маалыматтык ачыктык, билим берүүнү өлкөнүн башка маалымат базалары менен интеграциялоо, жаңы билим берүү технологияларын колдонуу;

22. билим берүү уюмдары үчүн окуу китептери жана окуу куралдарын иштеп чыгуу жана аларды булар менен камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү;

23. Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумун эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграциялоо үчүн шарттарды түзүү;

24. билим берүү кызматтарын экспорттоону өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

25. мамлекеттик программалардын негизинде билим берүү уюмдарында илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

26. менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында камкорчулук ишин өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

27. билим берүү тармагына инвестицияларды тартуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү;

28. билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүгө жана иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана мониторинг жүргүзүүгө бардык кызыкдар тараптарды тартуу;

29. ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жөнүндө ар жылдык ачык отчету.

**10-берене. Мамлекеттик билим берүү стандарттары**

1. Мамлекеттик билим берүү стандарттары билим берүүнүн формалдуу деңгээлине карата жалпы талаптардын жыйындысын, анын ичинде негизги билим берүү программаларынын мазмунунун милдеттүү минимумун, окуучулардын окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоо деңгээлине карата талаптарды аныктайт. Мамлекеттик билим берүү стандарттары инклюзивдик билим берүүнү эске алуу менен иштелип чыгат. Мамлекеттик билим берүү стандарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

2. Мамлекеттик билим берүү стандарттары Кыргыз Республикасынын билим берүү мейкиндигинин биримдигин, билим берүү программаларынын мазмунунун үзгүлтүксүздүгүн жана вариативдүүлүгүн камсыз кылат.

3. Мамлекеттик билим берүү стандарттары кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынан тышкары, менчигинин түрүнө карабастан бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп саналат.

4. Коргоо, коопсуздук, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу, саламаттык сактоо чөйрөсүнө тиешелүү кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бул чөйрөлөрдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын макулдашуусу менен иштелип чыгат.

5. Мамлекеттик билим берүү стандарттарын кайра карап чыгуу жана жаңыртуу билим берүү деңгээлине жараша үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.

**11-берене. Окутуунун формалары**

1. Билим берүү программалары төмөнкү формаларда окуган муктаждыктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен өздөштүрүлөт: күндүзгү, күндүзгү-сырттан окуу (кечки), сырттан окуу, кош окутуу, электрондук (онлайн), экстернат.

2. Күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу формаларында, экстернат формасында алууга жол берилбеген кесиптердин жана адистиктердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

**12-берене. Окутуунун тили**

1. Билим берүү уюмдарында тил саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Мамлекет ар бир жарандын билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин үйрөнүшү үчүн шарттарды түзөт.

3. Эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган кыргыз элинин өкүлдөрүнө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинде билим алууга мамлекет көмөк көрсөтөт.

4. Билим берүү кызматтары чет тилде жана (же) көп тилдүүлүк принципти сактоо менен берилиши мүмкүн.

## 3-глава
## Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу

**13-берене. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу тутуму**

Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы, жергиликтүү мамлекеттик администрациялары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ушул Мыйзамда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагында жүзөгө ашырылат.

**14-берене. Билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары**

Билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүү;

2) билим берүү чөйрөсүндө жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндигин камсыз кылуу;

3) билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик стратегияларды жана программаларды, мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу;

4) билим берүү чөйрөсүндө эл аралык келишимдердин аткарылышын камсыз кылуу, эл аралык уюмдарда билим берүү жана илим маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын кызыкчылыктарында чыгуу;

5) билим берүү маселелери боюнча жарандык коом жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу;

6) билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жөнүндө коом алдындагы отчетуулугу;

7) мамлекеттик билим берүү уюмдарынын уюмдаштыруучулары катары ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу;

8) менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарынын өнүгүүсү үчүн тең шарттарды түзүү;

9) билим берүүнүн бардык формалдуу деңгээлдеринде билим берүүнүн сапатына мониторинг жана көз карандысыз баалоону жүргүзүү;

10) билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтер тууралуу жобону иштеп чыгуу жана бекитүү, ошондой эле чет өлкөлөрдө берилген билими жөнүндө документтерди Кыргыз Республикасында таануу эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү;

11) менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын окуу китептерин жана окуу-усулдук колдонмолорду чыгарышына жана басып чыгарышына шарт түзүү;

12) педагогикалык кызматкердин кесиптик өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү;

13) билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик бюджетти түзүү жана натыйжалуулукка багытталган бюджеттик ыкмаларды, жан башына ченемдик каржылоону колдонуу менен мамлекеттик бюджетти аткаруу;

14) ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

**15-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) билим берүү чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

2) билим берүү чөйрөсүндө жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндигин камсыз кылуу;

3) тиешелүү райондо билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн абалы жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын билим берүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) муниципалдык билим берүү уюмдарын түзүү;

2) муниципалдык билим берүү уюмдарында билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү ваучердин каражаттарына аркылуу берүүнү уюштурууга көмөктөшүү;

3) муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо жана материалдык-техникалык жактан жабдуу;

4) мектепке чейинки билим берүү, башталгыч жалпы билим берүү, негизги жалпы билим берүү, орто жалпы билим берүү программмалары боюнча окутууга жаткан балдардын эсебин алуу;

5) конкурстук тандоонун негизинде муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилерин дайындоо;

6) билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен кошумча каражаттарды берүү жана башка чараларды (мүмкүнчүлүк бар болсо) кабыл алуу;

7) ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

**16-берене. Мамлекеттик саясаттын мониторинги**

1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатка анын натыйжалуулугун жана натыйжалуулугун аныктоо максатында туруктуу негизде мониторинг жүргүзөт.

2. Мониторинг жүргүзүүгө көз карандысыз эксперттер жана жарандык коомдун өкүлдөрү тартылат.

3. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын мониторинги жөнүндө маалымат мамлекеттик саясатка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн негиз болуп саналат.

## 4-глава
## Билим берүү уюмдары

**17-берене. Билим берүү уюмдары**

1. Билим берүү уюму ишинин негизги түрү катары билим берүү кызматын көрсөтүүчү юридикалык жак болуп саналат. Билим берүү уюмдары мамлекеттик, муниципалдык же жеке болушу мүмкүн.

2. Мамлекеттик билим берүү уюму - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана/же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган башка мамлекеттик органдын атынан мамлекет тарабынан түзүлгүүчү, оперативдүү башкаруу укугунун негизинде мүлкү бекитилип берилген билим берүү уюму. Мамлекеттик билим берүү уюмун түзүү, башкаруу, кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

3. Муниципалдык билим берүү уюму - мекеме түрүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан түзүлгөн, ага мүлкү оперативдүү башкаруу укугунун негизинде бекитилип берилген билим берүү уюму. Муниципалдык билим берүү уюмун түзүү, башкаруу, кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

4. Жеке менчик билим берүү уюму - юридикалык жана/же жеке жактар тарабынан коммерциялык же коммерциялык эмес билим берүү уюму формасында түзүлгөн уюм. Жеке билим берүү уюмун түзүү, башкаруу, кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

**18- берене. Билим берүү уюмдарынын типтери**

1. Билим берүү уюмдары ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларына ылайык типтерге бөлүнөт.

2. Билим берүү уюмдарынын типтери:

1) мектепке чейинки билим берүү уюмдары;

2) башталгыч, негизги жана орто билим берүүнүн жалпы билим берүү уюмдары;

3) кесиптик башталгыч билим берүүнүн билим берүү уюмдары;

4) кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү уюмдары;

5) жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары;

6) кошумча билим берүү уюмдары;

3. Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон айрым мамлекеттик билим берүү уюмдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте “улуттук” статусу ыйгарылышы мүмкүн.

4. Мамлекеттер аралык билим берүү уюмдарынын укуктук статусу эл аралык келишимдерге ылайык аныкталат.

**19-берене. Билим берүү уюмунун уставы**

1. Билим берүү уюмунун уставы анын уюштуруучусу (уюштуруучулары) тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталат.

2. Билим берүү уюмунун уставында төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

1) аталышы, жайгашкан жери (юридикалык дареги) жана уюмдаштыруучу (уюмдаштыруучулар);

2) ишинин предмети жана максаты;

3) билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси, кызмат көрсөтүүлөрдүн тартиби;

4) билим берүү уюмуна кабыл алуунун тартиби;

5) окуп жаткандарды чыгарып жиберүү тартиби;

6) окуу процессин, анын ичинен окутуунун жана тарбиялоонун тилин (тилдерди), окуп жаткандарга сабак берүү режимин, окуучулардын кийиминин формасын уюштуруу;

7) билим берүү уюмунун кызматкерлеринин штатын түзүүнүн тартиби, эмгекке акы төлөөнүн шарты жана тартиби, алардын укуктары жана милдеттери;

8) каржылоонун, чарбалык иштин түзүмү жана тартиби, билим берүү уюмунун ишин финансылык, материалдык-техникалык жактан камсыз кылуунун булактары;

9) билим берүү уюмунун органдары, алардын компетенциясы жана башкаруу тартиби;

10) уставын өзгөртүүнүн тартиби;

11) билим берүү уюмун кайра уюштуруунун жана жоюунун тартиби.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмунун уставы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү типтүү уставдын негизинде кабыл алынат.

**20-берене. Билим берүү программалары**

1. Билим берүү уюмдары билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу билим берүү ишин жүргүзүшөт. Билим берүү программалары мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

2. Кыргыз Республикасында жалпы, кесиптик жана кошумча билим берүү программалары ишке ашырылат.

3. Жалпы билим берүү программалары инсанды тарбиялоого, өнүктүрүүгө жана жалпы негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү процессинде билимдерди, жөндөмдөрдү, көндүмдөрдү алууга жана атаандаштык ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон компетенцияларды өнүктүрүүгө, кесипти аң-сезимдүү тандоону жана келечекте кесиптик билим алууну камсыз кылууга багытталган. Жалпы билим берүү программаларына төмөндөгүлөр кирет:

1) мектепке чейинки билим берүү;

2) башталгыч жалпы билим берүү;

3) негизги жалпы билим берүү;

4) орто жалпы билим берүү.

4. Кесиптик билим берүү программалары окуп жаткандардын улуттук квалификациялык алкактарга ылайык конкреттүү жумушту, жумуштардын тобун аткаруу үчүн зарыл болгон жалпы жана кесиптик билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү алууга, квалификациясын ырааттуу жогорулатууга, тиешелүү квалификациядагы адистерди даярдоого багытталган. Кесиптик билим берүү программаларына төмөндөгүлөр кирет:

1) кесиптик башталгыч билим берүү;

2) кесиптик орто билим берүү;

3) кесиптик жогорку билим берүү;

4) жождон кийинки кесиптик билим берүү.

5. Кошумча билим берүү программалары адамдын интеллектуалдык, руханий, адеп-ахлактык, физикалык жана (же) кесиптик жактан өсүүсүнө кошумча билим берүү муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Кошумча билим берүү программаларына төмөнкүлөр кирет:

1) балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү;

2) жаштарга жана чоңдорго кошумча билим берүү;

3) кошумча кесиптик билим.

**21- берене. Билим берүү уюмдарынын укуктары жана милдеттери**

1. Билим берүү уюмдары кадр саясатын ишке ашырууда, окутуунун, өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун усулдарын тандоодо, илимий изилдөөлөрдүн багыттарын аныктоодо, уюштуруу келишиминин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана башка ченемдик укуктук актыларынын чегинде уюштуруу, кесиптик, финансылык-чарбалык жана башка маселелерди чечүүдө өз алдынчалыкка ээ.

2. Билим берүү уюму баалоо тутумун, окуучуларды аттестациялоонун формасын, тартибин жана мезгилдүүлүгүн, окуу процессинин ыкмаларын жана билим берүү технологияларын, анын ичинде дистанттык окутуу технологияларын тандоодо көз карандысыздыкка ээ.

3. Окуучулардын түздөн-түз катышуусун талап кылган класстарды кошпогондо, билим берүү уюму билим берүү программасын жарым-жартылай же толук ишке ашыруу үчүн дистанттык жана электрондук билим берүү технологияларын колдоно алат.

4. Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн бир мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмунун алкагында студенттерди окутуу, кадрларды бир багыт же адистик боюнча даярдоо жана кайра даярдоо үчүн бири-бирин кайталаган түзүмдүк бөлүмдөрдү (институттарды, борборлорду, факультеттерди ж.б.) түзүүгө жол берилбейт.

5. Билим берүү уюмдарында саясий жана диний партияларды жана уюмдарды түзүүгө тыюу салынат.

6. Билим берүү уюмдарында окуп жаткандардын жана педагогикалык кызматкерлердин арасында саясий жана диний пропаганданы жана үгүт иштерин жүргүзүүгө жол берилбейт.

7. Билим берүү тутумунда коомдук уюмдар жана бирикмелер (бирликтер, академиялар, кесиптик ассоциациялар, окуу-методикалык бирикмелер, илимий-методикалык, илимий-техникалык жана башка кеңештер жана уюмдар) түзүлүшү мүмкүн.

8. Билим берүү уюмдары билим берүү уюму жана анын иши жөнүндө маалыматтарды камтыган ачык жана жалпыга жеткиликтүү маалыматтык ресурстарды түзөт. Билим берүү уюмунун маалыматтык ресурстары билим берүү уюмунун уставын, ишке ашырылуучу билим берүү программаларын, окуучулардын жана педагогдордун санын, билим берүү уюмунун чечими боюнча жайгаштырылуучу башка маалыматтарды камтууга тийиш.

**22-берене. Билим берүү уюмдарын башкаруу**

1. Билим берүү уюмдарын башкаруу демократиялаштыруу, децентралдаштыруу, административдик жана финансылык автономия принциптеринде түзүлөт.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилери конкурстук негизде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте төмөнкү принциптерди сактоо менен билим берүү уюмунун уюштуруучусу тарабынан дайындалат: конкурстук комиссиянын курамында кызыкдар тараптардын кеңири өкүлчүлүгү, чечимдерди кабыл алуунун коллегиялдуулугу, билим берүү уюмунун жамаатынын пикирин эске алуу, конкурстук жол-жоболордун ачыктыгы жана айкындуулугу, квалификациялык талаптар боюнча тандоодон жана талапкер тарабынан берилген билим берүү уюмун өнүктүрүү программасын баалоонун натыйжалары боюнча конкурстук комиссиянын көпчүлүк мүчөлөрүнүн чечиминин негизинде шайлоодон, катары менен эки мөөнөттөн ашык эмес кайра шайлоодон турган конкурсту өткөрүүнүн эки этаптуулугу.

3. “Улуттук” статусу бар мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчиси конкурстук негизде кызматка дайындалат жана Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кызматтан бошотулат.

4. Жалпы чогулуш, камкорчулар, окумуштуулар, педагогикалык жана башка кеңештер же комитеттер билим берүү уюмдарын биргелешип башкаруунун формалары болуп саналат. Кошумча башкаруу органдарын тандоонун тартиби жана алардын компетенциялары, кеңеш менен билим берүү уюмунун жетекчисинин ортосундагы ыйгарым укуктарды чектөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана билим берүү уюмунун уставы менен аныкталат. Билим берүү уюмуна тикелей жетекчиликти ректор, директор, жетекчи же башка жетекчи (администратор) ишке ашырат.

5. Окуучулардын, жашы жете элек окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жана мугалимдердин алардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын козгогон билим берүү уюмунун жетекчилиги жөнүндө ой-пикирин эске алуу үчүн окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) демилгеси боюнча билим берүү уюмунда жашы жете элек окуучулар жана мугалимдер, ата-энелер уюмдары, комитеттер, студенттик же студенттик кеңештер, профсоюздар. түзүлүшү мүмкүн.

## 6-глава
## Билим берүү ишин жөнгө салуу

### 23-берене. Билим берүү ишин лицензиялоо

1. Билим берүү уюмдарынын билим берүү иши (мектепке чейинки билим берүү уюмдарын жана кошумча билим берүү уюмдарын кошпогондо) Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө Мыйзамга ылайык лицензиялануууга тийиш.

2. Билим берүү уюмдары мектепке чейинки жана кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү жөнүндө ыйгарым укуктуу органга кабарлайт.

3. Мектепке чейинки жана башка билим берүү уюмдары менчигинин түрүнө жана уюштуруу-укуктук формасына карабастан калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдиги жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык балдардын окушун, ошондой эле алардын тамактануусун уюштуруунун коопсуз шарттарын камсыз кылууга тийиш.

### 24-берене. Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо

1. Билим берүү уюмун аккредитациялоо - билим берүү кызматтарынын аккредитациялык агенттик тарабынан белгиленген аккредитациялоо стандартына (регламентине) ылайыктуулугун аккредитациялык агенттик деп таануу жол-жобосу. Стандарттар (регламенттер) алардын сапаты жөнүндө объективдүү маалымат берүү жана аны жогорулатуунун натыйжалуу механизмдеринин бар экендигин тастыктоо максатында аккредитациялык агенттик тарабынан белгиленет.

2. Билим берүү уюмунун аккредитациясы ыктыярдуу болуп саналат. Билим берүү уюму аккредитациялык агенттикти тандоодо өз алдынча болот. Аккредитация, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарынын каражаттарынын эсебинен көз карандысыз аккредитациялык агенттиктерде жүргүзүлөт.

3. Аккредитация өткөрүү жөнүндө же аккредитация жүргүзүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим билим берүү уюмунун арыздарын жана алардын тизмесин аккредитациялык агенттик аныктаган документтерди карап чыгуунун натыйжалары боюнча аккредитациялык агенттик тарабынан кабыл алынат. Билим берүү уюму аккредитациялык агенттиктерде институционалдык жана/же адистештирилген аккредитациядан өтүүгө укуктуу.

4. Улуттук жана чет өлкөлүк аккредитациялык агенттиктердин реестри ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлөт.

**25- берене. Билими тууралуу документтер**

1. Негизги жана жалпы орто билим берүүнүн, баштапкы кесиптик, кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөн бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди жана/же билим берүү уюмдарынын өздөрүнүн чечими боюнча өздүк үлгүдөгү документтерди берүүгө укуктуу.

2. Билим берүүнүн жана квалификациянын тийиштүү деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ жана/же өздүк үлгүдөгү документтер билим берүүнүн кийинки деңгээлинин программалары боюнча окууну улантуу үчүн зарыл шарт болуп саналат.

3. Көрсөтүлгөн квалификациялар мамлекеттик үлгүдөгү баштапкы кесиптик, кесиптик орто, кесиптик жогорку билим берүү жөнүндө документтерде жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү жөнүндө документтерде алардын ээлерине кесиптик иш жүргүзүүгө, анын ичинде белгиленген тартипте милдеттүү квалификациялык талаптар аныкталган кызмат орундарын ээлөөгө укук берет.

4. Квалификациялардын улуттук алкагына ылайык квалификацияны ыйгаруу жана таануу жөнүндө күбөлөндүргөн документтер квалификациялык талаптарга ылайык кесиптик иштин белгилүү бир түрүн жүзөгө ашырууга укук берүүчү документтер болуп саналат.

5. Билим берүү уюму окуп жаткандардын билим берүү программаларын өздөштүрүүсүнүн натыйжаларын жекече эсепке алууну, бул жыйынтыктар жөнүндө маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте кагаз түрүндө жана электрондук түрдө архивдик сактоону жүзөгө ашырат.

6. Билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтер өтө жогорку жоопкерчиликтеги документтер болуп саналат, аларды даярдоо, сактоо жана берүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын укугу болуп саналат. Мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү жөнүндө документтердин реестри Кыргыз Республикасынын жекелештирилген документтеринин Мамлекеттик реестрин жүргүзүү жана тейлөө үчүн жооптуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт.

7. Кесиптик жогорку билим жөнүндө документ эл аралык стандарттык тиркемени (дипломдун тиркемесин) камтышы мүмкүн.

8. Кесиптик жогорку билим берүү уюмдары эл аралык келишимдерге ылайык эки же андан көп диплом берүүгө укуктуу.

9. Билими жөнүндө документтердин тизмеси жана үлгүлөрү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

## 7- глава
## Жалпы билим

### 26- берене. Жалпы билим берүү

1. Жалпы билим берүүгө төмөнкү билим берүү баскычтары кирет:
- мектепке чейинки;
- жалпы башталгыч;
- жалпы негизги;
- орто жалпы билим берүү.

2. Жалпы билим берүү мектепке чейинки билим берүүнүн, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүнүн ырааттуу уланган билим берүү программаларынын алкагында жүзөгө ашырылат.

3. Конкреттүү жалпы билим берүү программасы боюнча билим берүүнүн формасы окуучунун ата-энеси (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан аныкталат.

4. Жалпы билим берүү окутуунун натыйжаларын өлчөө аркылуу билимдин сапатына көз карандысыз баалоого жатат.

### 27- берене. Мектепке чейинки билим берүү жана багуу

1. Мектепке чейинки билим берүү мектеп жашына чейинки курактагы балдарды багуу боюнча кызматтарды көрсөтүүгө, жалпы маданиятты калыптандырууга, физикалык, интеллектуалдык, адеп-ахлактык, эстетикалык жана инсандык сапаттарды өнүктүрүүгө, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун сактоого жана чыңдоого, аларды тарбиялоого жана мектепке даярдоого багытталган.

2. Мектепке чейинки билим берүү балдардын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу боюнча юридикалык жакты түзбөгөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык патенттик негизде иш жүргүзгөн жеке жактар тарабынан же менчигинин түрүнө карабастан мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жүзөгө ашырылат.

3. Мектепке чейинки билим берүү уюмдары же юридикалык жакты түзбөгөн, ошондой эле патенттик негизде иш жүргүзгөн жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык балдар үйлөрүн кошпогондо 6 айдан 6 жашка чейинки балдарды кароого жана багууга арналган, мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо чөйрөсүндөгү мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык мектепке чейинки тарбиялоонун жана окутуунун негизги, кошумча, атайын жана башка вариативдик программаларын ишке ашырат.

4. Мектепке чейинки билим берүүнүн билим берүү программалары мектепке чейинки курактагы балдарды алардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар тараптуу өнүктүрүүгө, анын ичинде мектепке чейинки курактагы балдарга жекече мамиле кылуунун жана алар үчүн атайын иш-аракеттердин түрлөрүнүн негизинде жалпы башталгыч билим берүүнүн билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн зарыл жана жетиштүү өнүгүү деңгээлине жетүүгө багытталган.

5. Багуу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө санитардык-гигиеналык, ден соолукту чыңдоо жол-жоболорду жүргүзүү, тамактанууну жана мектепке чейинки курактагы балдарды кароону уюштуруу кирет.

6. Балдардын үй-бүлөдө мектепке чейинки билим алуусун камсыз кылган ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) үчүн консультациялык борборлордун иши мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана жалпы билим берүү уюмдарында балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте акы алынбастан жүзөгө ашырылат.

7. Юридикалык жакты түзбөгөн, ошондой эле патенттик негизде иш жүргүзгөн жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мектепке чейинки билим берүү кызматтарын ыктыярдуу сертификациялоого укуктуу.

8. Менчигинин түрүнө карабастан республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган мектепке чейинки билим берүү уюмдары мектепке чейинки билим берүү жана багуу жаатындагы мамлекеттик билим берүү стандартына ылайыктуулугуна көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына үзгүлтүксүз көз карандысыз баа берүүгө тийиш.

9. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган юридикалык жакты түзбөгөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык патенттик негизде иш жүргүзгөн жеке жактар техникалык жөнгө салуу жөнүндө мыйзамдарга ылайык сертификацияланууга тийиш.

**28- берене. Башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү**

1. Башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн билим берүүнүн милдеттүү деңгээли болуп саналат.

2. Башталгыч жалпы билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу жалпы билим берүү уюмуна кабыл алуу жашы анын социалдык, психологиялык жана физиологиялык даярдыгын эске алуу менен аныкталат. Ар бир класста окуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес убакытты түзөт.

3. Жалпы башталгыч билим берүү окуучунун инсандыгын калыптандырууга, анын интеллектуалдык жөндөмдөрүн, мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, окутуу тилинде эсептөө, окуу жана жазуу көндүмдөрүн түзүүгө жана окуу жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн бул көндүмдөрдү функционалдык колдонууга багытталган.

4. Негизги жалпы билим берүү окуп жаткандарда функционалдык сабаттуулукту калыптандырууга (билим жана турмуштук милдеттерди чечүү үчүн билимдерди жана көндүмдөрдү колдоно билүү), ошондой эле дүйнө жөнүндө илимий түшүнүктөрдүн негиздерин, өз алдынча таанып-билүү иш-аракеттеринин компетенцияларын жана көндүмдөрүн, окутууга түрткү берүүнү, адеп-ахлактык ишенимдерди, инсандар аралык жана этностор аралык баарлашуу маданиятын, мамлекеттик, расмий жана чет тилдерди, акыл-эс жана дене-бой эмгек көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, социалдык өзүн-өзү аныктоого, өзүн-өзү ишке ашырууга жана өзүн-өзү башкара билүүгө болгон кызыкчылыктарды жана жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган.

5. Жалпы негизги билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окутууга жалпы башталгыч билим берүүнүн билим берүү программасын өздөштүргөн окуучулар кабыл алынат. Атайын мектептердин бүтүрүүчүлөрү негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү үчүн алардын даярдык деңгээлин текшерүү шарты менен кабыл алынат.

6. Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн акыркы этабы болуп саналат жана окуп жаткандардын коомдо активдүү социалдык адаптацияга, өз алдынча окуу ишине жана

кийинки билим берүүнү жана кесипти аң-сезимдүү тандоого даяр болгон гармониялуу өнүккөн инсандыгын андан ары калыптандырууга багытталган.

7. Жалпы билим берүү уюмунун жалпы орто билим берүү программасына жалпы негизги билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрү акысыз кабыл алынат.

8. Жалпы негизги билим алган жактар жалпы орто билим берүү программасы боюнча окууну улантууну каалабаган учурда кесиптик башталгыч же кесиптик орто билим берүү программалары боюнча окууга милдеттүү.

9. Жалпы орто билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик аттестациялоо жалпы республикалык тестирлөө менен айкалыштырылышы мүмкүн. Окутулуучуларды жалпы республикалык тестирлөө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан конкурстук негизде тандалып алынган көз карандысыз уюмдар тарабынан жүргүзүлөт.

10. Мамлекет негизги жана предметтик компетенцияларды калыптандырууга багытталган санариптик окуу китептерин жана окуу-методикалык комплекстерди түзүүнү, ошондой эле окуучуларды эрте профессионалдык даярдоого багытталган жалпы билим берүүчү уюмдарда адистештирилген даярдоо тутумун ишке киргизүүнү ишке ашырат.

11. Мамлекет Кыргыз Республикасынын билим берүү жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык изилдөөлөргө катышуусуна көмөк көрсөтөт.

**29-берене. Билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштуруу тартиби**

1. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана башталгыч жалпы билим берүү уюмдарында окуучулар үчүн тамактанууну уюштурулат.

2. Мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу, каржылоо, тамактануусунун коопсуздугун жана сапатын камсыз кылуу, ошондой эле балдар үчүн табигый тамак-аш азыктарын алуу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

3. Тамактанууну каржылоо булактары:

1) жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу түрдө берилген каражаттары;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

4. Билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштуруу жана жоопкерчилик билим берүү уюмунун жетекчисине, тиешелүү деңгээлдеги саламаттык сактоону жана билим берүүнү башкаруунун ыйгарым укуктуу аймактык органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлөт.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары окуучулардын тамактануусун уюштуруу, жана тамак-аш рационун кеңейтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат.

6. Саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте тамак-аштын сапатына карата мамлекеттик көзөмөл жүргүзөт жана окуучулардын тамактануусун алардын тамак-аш заттарына болгон куранктык жана физиологиялык керектөөлөрүнө негизделген менюга ылайык келген санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

7. Тамак-аш рационун кеңейтүү жана окуучулардын иш жүзүндө көндүмдөрдү алуусуна шарттарды түзүү максатында билим берүү уюмдарында окуу чарбалары түзүлүшү мүмкүн. Окуу чарбаларын уюштуруунун жана анын ишинин тартиби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат.

**9-глава**

## Кесиптик билим берүү

### 30-берене. Кесиптик билим берүү

1. Кесиптик билим берүү билим берүүнүн этаптарына төмөнкүлөр кирет:
1) кесиптик башталгыч билим берүү;
2) кесиптик орто билим берүү;
3) кесиптик жогорку билим;
4) жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү.

2. Кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү студенттер үчүн окуу куралдарына аларды санариптик форматта, ошондой эле Брайлдын рельефтик-чекиттик ариптери менен чыгарылган окуу китептерин акысыз берүү жолу менен жеткиликтүүлүктү түзүүгө милдеттүү.

3. Кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу кесиптик билим берүү уюмдарында интеграцияланган билим берүү структураларын – окуу-өндүрүштүк-илимий комплекстерди, бизнес-инкубаторлорду, стартаптарды, технопарктарды, анын ичинде үзгүлтүксүз кесиптик даярдыкты ишке ашыруучу башка түзүмдөрдү түзүүгө жол берилет.

### 31- берене. Кесиптик башталгыч билим берүү

1. Кесиптик башталгыч билим берүү коомдук пайдалуу иштин негизги багыттары боюнча квалификациялуу жумушчуларды жана кызматчыларды даярдоого, квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого багытталган. Кесиптик башталгыч билим берүү негизги же орто жалпы билим берүүнүн базасында жүргүзүлөт. Зарыл учурларда негизги жалпы билими жок адамдардын кесипке ээ болушу үчүн шарттар түзүлөт.

2. Кесиптик башталгыч билим берүүнүн билим берүү уюмдары (кесиптик лицейлер, кесиптик училищелер) улуттук квалификациялык алкактарга ылайык кыска мөөнөттүү программалар боюнча квалификациялуу жумушчуларды даярдоону, квалификациясын жогорулатууну жана кайра даярдоону жүзөгө ашырышат.

3. Кесиптик башталгыч билим берүү мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иштелип чыккан кесиптик башталгыч жана жалпы орто билим берүүнүн бирдиктүү интеграцияланган программасы боюнча жүргүзүлөт.

4. Кесиптик башталгыч билим берүү уюмдарынын окуучулары кесиптик орто билим берүүнүн окуучусу статусуна ээ.

5. Кесиптик башталгыч билим берүүнүн билим берүү программаларынын мазмуну мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иш берүүчүлөрдүн бирикмелери менен социалдык өнөктөштүктүн принциптерине негизделет.

6. Кесиптик баштапкы билим берүү программасы боюнча окууну бүтүргөн адамдарга мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык квалификация ыйгарылат.

7. Кесиптик башталгыч билим алгандыгын ырастоочу документтерге төмөнкүлөр кирет:

- жумушчу квалификациясын ыйгаруу менен кесиптик башталгыч билими жөнүндө диплом;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- кыска мөөнөттүү даярдоо, кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу формалары боюнча сертификат;
- атайын уюмдардын жана ведомстволордун көзөмөлүндөгү объекттерде иштөөгө байланыштуу, транспорт каражаттарына уруксат берүү үчүн ж.б. кесиптер боюнча күбөлүк.

8. Кесиптик башталгыч билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте бүтүрүүчүлөрдү көз карандысыз

аттестациялоо жана иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен кесиптик көндүмдөрдү валидациялоо иши жүргүзүлөт.

9. Кесиптик башталгыч билим берүү кесиптеринин тизмеси, билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү, аларды ишке ашыруунун формасы жана тартиби, ошондой эле социалдык кепилдиктер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

10. Түзөтүү мекемелеринде кармалган адамдар үчүн негизги жалпы билим жана кесиптик башталгыч билим алуу, ошондой эле өз алдынча билим алуу үчүн шарттар түзүлөт.

**32- берене. Кесиптик орто билим берүү**

1. Кесиптик орто билим берүү негизги жалпы, жалпы орто билим берүүнүн жана кесиптик башталгыч билим берүүнүн базасында адистерди даярдоого, квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого багытталган. Кесиптик орто билим берүү мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окугандарга кесиптик билимди, жөндөмдү жана көндүмдөрдү алууга жана социалдык-инсандык компетенцияларды калыптандырууга багытталган.

2. Кесиптик башталгыч билими бар адамдар тездетилген программалар боюнча кесиптик орто билим ала алышат.

3. Кесиптик орто билим берүү программалары кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында ишке ашырылат.

4. Кесиптик орто билим берүү программалары боюнча окууну ийгиликтүү аяктаган адамдарга мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык тиешелүү адистик боюнча квалификация ыйгарылат.

5. Кесиптик орто билим берүүнүн адистиктеринин тизмеси, билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү, аларды ишке ашыруунун формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**33- берене. Кесиптик жогорку билим берүү**

1. Кесиптик жогорку билим берүү бакалаврларды, магистрлерди жана адистерди даярдоого, окугандардын кесиптик билимин, көндүмдөрүн алуу жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык компетенцияларды калыптандыруу максатында аларды кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга багытталган. Кесиптик жогорку билим жалпы орто, кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүнүн базасында берилет.

2. Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына кабыл алуу жалпы республикалык тестирлөөнүн натыйжаларынын негизинде жүргүзүлөт.

3. Кесиптик жогорку билим берүү программалары боюнча окууну ийгиликтүү аяктаган адамдарга мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык тиешелүү багыт/адистик боюнча даража/квалификация ыйгарылат.

4. Кесиптик орто билими бар адамдар, ошондой эле кесиптик жогорку билими бар адамдар тездетилген программалар боюнча жогорку кесиптик билим ала алышат.

5. Кесиптик жогорку билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси, билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү, аларды ишке ашыруунун формасы жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**34- берене. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим**

1. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү илимдин кандидаты жана доктору, философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор деген окумуштуулук даражалары бар илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону, ошондой эле адистештирилген медициналык билим берүү (ординатура) программаларын ишке ашырууну көздөйт.

2. Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнү уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

## 9- Глава
## Кошумча билим берүү

### 35- берене. Кошумча билим берүү

1. Кошумча билим берүүгө төмөнкүлөр кирет:
1) балдарга жана өспүрүмдөргө кошумча билим берүү;
2) жаштарга жана чоңдорго кошумча билим берүү;
3) кошумча кесиптик билим берүү.

2. Мамлекет кошумча билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарын, анын ичинде өмүр бою окутуу үчүн каржылоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте камсыз кылат.

3. Кошумча билим берүү акысыз же акы төлөнүүчү (ыктыярдуу) негизде жүргүзүлөт. Акы төлөө негизинде кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн тартиби жана шарттары билим берүү уюму тарабынан аныкталат.

4. Кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар билим берүү уюмунун уставына ылайык билим берүү уюму тарабынан чыгымдалат.

## 10- Глава
## Билим берүү тутумунда окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү)

### 36- берене. Окуучулардын укуктары жана милдеттери

1. Окуучулардын укуктары жана милдеттери ушул Мыйзам менен аныкталат.

2. Окуучулар мамлекет кепилдеген төмөнкү укуктарга ээ:
1) билим алууга;
2) ден соолукту сактоого жана кам көрүүгө, окутуу, тарбиялоо жана өнүгүү үчүн коопсуз шарттарга ээ болууга;
3) ден соолукка, моралдык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтардан жана үгүттөөлөрдөн коргоого;
4) мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында акысыз медициналык кароого жана биринчи медициналык жардамга;
5) эксплуатациялоонун жана ден соолукка зыян келтирүүчү аракеттердин ар кандай формаларынан, ошондой эле физикалык жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты басынтуудан коргоого;
6) алардын адамдык кадыр-баркын урматтоого, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө.

3. Окуучулар билим берүү уюмун окутуунун каалаган этабында (биринчи курстан кийин кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында) жана окутуунун формасында тандап алууга укуктуу.

4. Кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында күндүзгү формада окугандар анык аскердик кызматка чакыруудан кийинкиге калтырууга укуктуу.

5. Окуучулар билим берүү уюмунун талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүгө, ички тартиптин эрежелерин сактоого, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоого, билим берүү уюмуна келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте юридикалык жоопкерчилик тартууга милдеттүү.

**37-берене. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери**

1. Жашы жете элек балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:

1) билим берүү уюмун жана окутуунун формасын тандоого;

2) балдарды окутуу, тарбиялоо, өстүрүү жана багуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга;

3) окутуунун кайсы этабында болбосун билим берүү уюмдарына баланы жайгаштырууга;

4) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардын билим алуу укугун сактоону талап кылууга;

5) билим берүү уюмун башкарууга, анын ичинде камкорчулук кеңештери аркылуу катышууга.

2. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) балага үй-бүлөдө мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүүгө укуктуу. Үй-бүлөдө билим алып жаткан бала ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) чечими боюнча аны оң аттестациялоодо окутуунун кайсы этабында болбосун билим берүү уюмунда билимин улантууга укуктуу. Балдардын үй-бүлөдө мектепке чейинки билим алышын камсыз кылган ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана билим берүү уюмдарында тиешелүү консультациялык борборлордон акысыз методикалык, психологиялык-педагогикалык жана консультациялык жардам алууга укуктуу.

3. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) жынысына карабастан балдардын жашоосу, окуусу, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, мектепке чейинки, башталгыч, негизги жалпы, орто билим алуусу үчүн бирдей негизде алардын дене-бой жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө;

2) баланын кадыр-баркын сыйлоого, эмгекчилдикти, боорукердик сезимин, кайрымдуулукту тарбиялоого, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, башка жынысына, башка улуттарына, мамлекеттик, расмий жана эне тилдерине, элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга (мыйзамдардын ченемдерине каршы келбеген) сый мамиле жасоого, сабырдуулукка, зомбулукка, коррупцияга жана басмырлоого келишпестикке, башка адамдардын укуктарын урматтоого;

3) Кыргызстан элинин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого, Мекенди сүйүүгө тарбиялоого;

4) билим берүү уюму менен туруктуу кызматташтыкты сактоого, ата-энелер чогулушуна катышууга, окуп жаткандарды окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин сунуштарын аткарууга;

3) жалпы билим берүү уюмун өнүктүрүүгө катышууга.

4. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан тышкары жерде окуп жаткандардын ден соолугу жана жашоосу үчүн окуу убактысынан тышкары толук жоопкерчилик тартышат.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) жашы жете элек окуучу балага карата тийиштүү шарттардын жоктугу, окуп жаткандарга башталгыч жана жалпы негизги билим алуу боюнча милдеттерди аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**38-берене. Окутуучуларды (тарбиялануучуларды) социалдык жактан коргоо**

1. Мамлекет окутулуучуларды (тарбиялануучуларды) билим берүү процессине тартуу боюнча социалдык жактан коргоо саясатын жүргүзөт жана окутуу үчүн шарттарды түзөт, окутулуучуларга окуу жайларын, жабдууларды, жатаканаларды, жөлөк пулдарды, материалдык жардамдарды, тамак-ашка, транспортто жүрүүгө, медициналык тейлөөгө жана ден соолугун чыңдоого жеңилдиктерди, мамлекеттик билим берүү гранттарынын жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен окуп жаткан студенттерге окуу китептерин, стипендияларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте жана өлчөмдөрдө берет.

2. Мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиялануучуларын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз мектепке чейин билим берүүнүн мамлекеттик стандартында каралбаган аттестациялоого (тестирлөөгө) жана изилдөөлөрдүн ар кандай түрүн жүргүзүүгө жол берилбейт.

3. Жалпы билим берүүчү уюмга кирген учурда мектепке чейинки курактагы балдарды аттестациялоого (тестирлөөгө) жол берилбейт.

4. Сырттан окуу формасы боюнча кесиптик орто, кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында окугандар Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте берилүүчү кошумча жеңилдиктерге укуктуу.

5. Олимпиадалык оюндардын, дүйнөлүк чемпионаттардын чемпиондору жана байге ээлери жана Азия оюндарынын чемпиондору дене тарбия жана спорт жаатындагы адистик жана даярдоонун багыттары боюнча (бакалавриат, магистратура) окуу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кирүү сынагысыз (экзамендерсиз, аттестациясыз жана аңгемелешүүсүз) кабыл алынат.

6.“Кыргыз Республикасынын спорт чебери”, “Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери” спорттук наамы бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүнүн кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына, ал эми “Спорттун чеберлигине талапкер” спорттук разряды бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүнүн кесиптик орто билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылык укугунан пайдаланышат.

7. Окутулуучуларды окуу сабактарынан жана окуу процесстеринен алагды кылууга жол берилбейт.

**39-берене. Окутулуучулардын ден соолугун коргоо**

1. Билим берүү уюмдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана тиешелүү деңгээлдеги саламаттык сактоонун аймактык органдары окутулуучулардын ден соолугун коргоого жана чыңдоого кепилдик берүүчү шарттарды түзөт.

2. Билим берүү уюмунда окуп жаткандарды акысыз алгачкы медициналык тейлөөнү уюштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү деңгээлдеги саламаттык сактоонун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын мекемелери тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Окутулуучуларга акысыз негизде биринчи медициналык жардам көрсөтүлөт, аны ушул мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарынын штатына кирген

медициналык кызматкерлер же тиешелүү саламаттык сактоо мекемелеринин медициналык кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте ишке ашырышат.

4. Саламаттык сактоонун аймактык органдары билим берүүнү башкаруунун аймактык органдары менен биргеликте ар жыл сайын окутулуучуларды акысыз медициналык кароодон өткөрүүнү камсыз кылышат, мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарында санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышын жана дарылоо-профилактикалык иш-чаралары жүргүзүлүшүн контролдошот жана жоопкерчилик тартышат.

5. Узак дарыланууга муктаж болгон балдар үчүн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ден соолукту чыңдоочу мекемелерде окутуу үчүн шарттарды түзөт. Окуу сабактары үйдө жана дарылоо мекемелеринде дагы жүргүзүлүшү мүмкүн.

**40-берене. Окутулуучулардын өзгөчө контингентинин билим алууга болгон укугун жүзөгө ашыруу**

1. Мамлекет окутулуучуларды: ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калгандарды, майыптуулугу менен окуп жаткандарды, ошондой эле аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн окуп жаткандарды билим алууга, колдоого жана бардык зарыл шарттар менен комплекстүү камсыз кылууга кепилдик берет.

2. Жетим балдарга жана ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калган балдарга туугандык мамилелерди сактоо, мамлекеттик, муниципалдык билим берүү уюмдарында акысыз багуу жана билим алуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын жеке, мүлктүк укуктарын коргоо укугу кепилденет. Ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калган жетим балдарды жана окуучуларды билим берүү алардын жашы жеткенге чейин мамлекеттик камсыздоонун негизинде жүзөгө ашырылат. Аларга социалдык камсыздоо көрсөтүлөт.

3. Балдар үйлөрүнүн жана жетим балдар үчүн мектеп-интернаттардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) камкордугусуз калган окуучулар (тарбиялануучулар) жалпы негизги (жалпы орто) билим алгандан кийин акысыз башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим алууга укуктуу. Аларга социалдык камсыздоо көрсөтүлөт.

4. Дене-бой же акыл-эс жагынан өнүгүүсүндө (майыптыгы бар) жана коомго “кошууга” муктаждыгы бар окуучулар үчүн билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде билим берүү процессине тартуу үчүн бардык зарыл шарттар жана жеткиликтүү чөйрө түзүлөт жана зарыл болгон учурда майыптыгы бар окуучулар билим берүү мекемелеринде алардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жана муктаждыктарына жараша окушу үчүн атайын топтор же класстар уюштурулат (түзүлөт), зарыл болгон учурда коштоону уюштуруу, дарылоо ж. б. камсыз кылынат.

5. Майыптыгы бар окутулуучулардын эң жакшы деген кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана аларды коомго “кошуу” үчүн жекече окутуу программасы түзүлөт, аны окутулуучулар өздөрү, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) тандай алышат.

6. Инклюзивдик-билим берүү уюмдарын ачуу, кайра уюштуруу жана жоюу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуусу менен майыптыгы бар адамдардын кызыкчылыктарын коргоого байланышкан уюмдардын түздөн-түз катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат.

7. Атайын билим берүү уюмдарына окугандардын өзүнчө контингентин (кыйла оор же татаал, айкалышкан оорулар менен же ар кандай спектрдеги башка көрсөткүчтөр менен олуттуу кеч жетилүү себеби менен өзгөчө көңүл буруу керек) жиберүү жөнүндө маселени

чечүү билим берүү тутумунун психологиялык-медициналык-педагогикалык консультацияларынын корутундусуна ылайык жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялардын иштөө тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Бул уюмдарга жиберилүүчү, ошондой эле толук мамлекеттик камсыз кылуудагы окутулуучулардын мындай контингенти (кыйла оор же татаал, айкалышкан оорулар же ар кандай спектрдеги башка көрсөткүчтөр менен олуттуу кеч жетилүү себеби менен өзгөчө көңүл буруу керек) билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Медициналык көрсөткүчтөр болгон учурда, ата-энелеринин макулдугу менен айрым контингентин (алар кыйла оор же татаал, айкалышкан оорулар же ар кандай спектрдеги башка көрсөткүчтөр менен олуттуу кеч жетилүү себеби менен өзгөчө көңүл буруу керек) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте үйдө окутуу жеке формада жүргүзүлөт.

8. Дене-бой же акыл-эс жагынан өнүгүүсүндө бузулуулары бар окуучуларды билим берүү процессинде коштоону уюштуруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте жүзөгө ашырылат, ал майыптыгы бар окуп жаткан ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), майыптыгы бар адамдардын уюмдарынын катышуусу менен уюштурулушу керек.

9. Майыптыгы бар окутулуучу үчүн мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюму ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган тартипте жеке окуу планынын негизинде окуу процессин уюштурушу керек, ал эми жеке билим берүү уюму жеке окуу планынын негизинде окуу процессин уюштурууга укуктуу.

10. Тарбиялоонун жана окутуунун өзгөчө шарттарына муктаж болгон окутулуучулар үчүн алардын билимин, кесиптик даярдыгын жана медициналык-социалдык реабилитациясын камсыз кылуучу атайын окуу-көмөкчү уюмдар түзүлөт. Мындай уюмдарга окутулуучуларды жиберүү соттун чечими боюнча гана жүзөгө ашырылат, ал боюнча методология сот чечим чыгарууга тийиш Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан иши тарбиялоонун жана окутуунун өзгөчө шарттарына муктаж адамдардын кызыкчылыктарын коргоого байланышкан уюмдардын түздөн-түз катышуусу менен аныкталат.

2. Түзөтүү мекемелеринде кармалып жаткан окуп жаткандар үчүн бул мекемелердин администрациясы жана билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан негизги жана жалпы орто, ошондой эле кесиптик башталгыч билим алуу, ошондой эле өз алдынча билим алуу үчүн шарттар түзүлөт.

## 11-глава
## Педагогикалык кызматкердин статусу

### 41-берене. Окутуу укугу жана педагогикалык иштин принциптери

1. Ушул беренеде каралгандан башка учурларда тиешелүү кесиптик билим алган жана зарыл болгон педагогикалык квалификацияны алган адамдар педагогикалык иш менен алектенүүгө укуктуу.

2. Тиешелүү кесиптик билими жана зарыл педагогикалык квалификациясы жок адамдар педагогикалык (окутуучулук) ишке төмөнкү учурларда укуктуу:

1) кайра даярдоодон жана квалификациясын жогорулатуудан өтүү;

2) репетитордук жана тренингдик тартипте сабактарды өткөрүү;

3) адистер-практиктер негизги ишти педагогикалык иш менен айкалыштырганда.

3. Кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында педагогикалык ишке магистр/адистен төмөн эмес билими бар адамдарга жол берилет.

4. Педагогдук иште иштөөгө соттолгон же медициналык жактан каршы көрсөтмөсү бар адамдарга жол берилбейт, анын тизмеси Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу аныкталат.

Тизмеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган соттолгон же медициналык каршы көрсөтмөлөрү бар жарандарга педагогикалык иште иштөөгө жол берилбейт.

5. Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

6. Педагогикалык кызматкердин педагогикалык ишинин негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) окуп жаткандарды окутууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө жеке багытталган мамиле;

2) окуп жаткандардын укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук-маданий салттарды урматтоону камсыз кылуучу өнүгүүнү жана тарбиялоону окутуунун гуманисттик мүнөзү;

3) жалпы адамзаттык адеп-ахлактык принциптерге жана адеп-ахлактык баалуулуктарга берилгендик;

4) окуп жаткандарга жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча тике, жашыруун жана (же) кыйыр басмырлоого, укуктарын чектөөгө же артыкчылык берүүгө жол бербөө;

5) окуп жаткандарга мекенди сүйүү, жогорку жарандуулук, толеранттуулук, элдердин ортосундагы достук рухунда тарбиялоо;

6) билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү;

7) педагогикалык иштин ыкмаларын жана формаларын тандоо эркиндиги;

8) өнүгүүнү жана тарбиялоону окутуу принциптеринин биримдиги;

9) илимдин, техниканын жана маданияттын акыркы жетишкендиктеринин негизинде өз билимин өркүндөтүү;

10) окуп жаткандар жана алардын үй-бүлөлөрү менен тыгыз байланышта болуу;

11) ишине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган балдар жана жаштар бирикмелери, эмгек жамааттары, ошондой эле кызыкдар мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташуу.

### 42-берене. Педагогикалык кызматкерлердин укуктары жана милдеттери

1. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) билим берүү программаларын, окутуунун формаларын жана ыкмаларын, окуу жайларын, окуу китептерин жана окуу куралдарын тандоо эркиндигине;

2) инновациялык методдорду жана технологияларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, билим берүү процессине алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны киргизүүгө;

3) педагогикалык ишмердикте инновациялык методдорду жана технологияларды түзүүгө, пайдаланууга жана ишке киргизүүгө дем берүүгө;

4) квалификацияны жогорулатууга;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жеке иш (педагогикалык) жүргүзүүгө;

6) билим берүү уюмун башкарууга катышууга;

7) үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатууга, методикалык колдоого жана насаатчылыкка.

2. Педагогикалык кызматкер Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык айкалыштырып иштөө укугунан пайдаланат.

3. Окутууда жана тарбиялоодо жогорку натыйжаларга жетишүү үчүн менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмунун мугалими билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук сыйлыктарына, мамлекеттик сыйлыктарга, ардак наамдарга жана өзгөчө белгилер.

4. Педагогикалык кызматкердин абалынын туруктуулугу билим берүү тутумун уюштурууну толук же жарым-жартылай өзгөртүү менен кепилденет.

Педагогикалык кызматкерге төмөнкүлөр тыюу салынат:

1) билим берүү уюмдарында диний үгүт иштерин жүргүзүүгө;

2) билим берүү уюмдарында саясий топторду, партияларды уюштурууга;

3) шовинисттик, улутчулдук, милитаристтик, сепаратисттик идеологияны жайылтууга;

4) окуп жаткандарды иш таштоо кыймылына жана саясий акцияларга тартууга;

5) окуп жаткандарга карата зомбулук жана ар кандай басмырлоо жасаганга.

6. Педагогикалык кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) окутууну жогорку кесиптик деңгээлде өткөрүүгө, окуп жаткандарды мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу планын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;

2) ата-энелерди, коомдун башка мүчөлөрүн, Кыргыз Республикасынын маданий-тарыхый баалуулуктарын, анын мамлекеттик түзүлүшүн урматтоо духунда тарбиялык иштерди жүргүзүүгө, айлана-чөйрөгө урмат көрсөтүүгө тарбиялоого;

3) жалпы адамзаттык баалуулуктарды: боорукердикти, эмгекчилдикти, гуманизмди, мекенчилдикти, чындыкты, адилеттүүлүктү жана башка жакшы сапаттарды урматтоону ырастоого, коррупцияга келишпестикти тарбиялоого;

4) өзүнүн кесиптик билимин жана көндүмдөрүн үзгүлтүксүз өркүндөтүүгө, өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатууга;

5) окуп жаткандардын ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоого, өзүнүн ишинде гендердик зомбулуктун жана басмырлоонун көрүнүштөрүнө жол бербөөгө;

6) окуп жаткандарды өз ара түшүнүшүү, тынчтык, элдердин ортосундагы ынтымак рухунда аң-сезимдүү жашоого даярдоого;

7) окуп жаткандардын жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүсүнө көмөк көрсөтүүгө.

## 43-берене. Педагогикалык кызматкерди материалдык жактан камсыздандыруу

1. Мамлекеттик билим берүү уюмдарында педагогикалык кызматкердин дем берүүчү мүнөзүндөгү эмгек акы төлөө тутуму жана шарттары, кызматтык маяналары, кошумча төлөмдөрү, үстөктөрү жана башка төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

2. Окутуу жана (же) окутуу ишинин ченемдери астрономиялык саат же академиялык саат менен, ошондой эле билим берүүнүн кредиттик тутумдарында белгиленет.

3. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин статусу жана эмгек акысы башталгыч билим берүү мугалимдеринин категориясына теңештирилет.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине үстөк акыларды, кошумча төлөөлөрдү белгилеши жана сыйлашы мүмкүн.

5. Билим берүү уюмдары өздөрүнүн карамагында болгон эмгек акы төлөө каражаттарынын чегинде, анын ичинде атайын каражаттардын эсебинен үстөк акыларды, кошумча төлөөлөрдү), сыйлыктарды жана материалдык дем берүүнүн башка түрлөрүн белгилөөгө укуктуу.

6. Педагогикалык кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык үстөк акы белгиленет:

1) илимдин доктору же кандидаты, философия илимдеринин доктору (профил боюнча докторлук) илимий даражасы үчүн;

2) педагогикалык иш стажы үчүн;

3) жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кошумча төлөмдөр.

7. Бийик тоолуу, алыскы зоналарда, айыл жерлеринде иштеген педагогикалык кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте жеңилдиктер, эмгек акысына үстөктөр, кошумча төлөмдөр каралат.

8. Айыл жериндеги билим берүү уюмдарына ишке келген жаш адистерге жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен чарба алууга кызматтык маянасынын он эсе өлчөмүндө, ошондой эле турак жай аянты менен камсыз болбогондор үчүн турак жай берилет.

9. Турак жай менен камсыз болбогон же турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж адамдарга жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан турак жай куруу үчүн жер участоктору берилиши мүмкүн.

10. Билим берүү уюмдарынын медициналык жана китепканалык кызматкерлерине тиешелүү түрдө медициналык жана китепканалык иш стажы үчүн билим берүү уюмдарында, саламаттык сактоо жана маданият уюмдарында иштеген медициналык жана китепканалык кызматкерлер үчүн аныкталган өлчөмдө жана тартипте кошумча төлөм белгиленет.

11. Педагогикалык кызматкерлерге эмгек акы өз убагында төлөнбөй калган учурда төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык индекстөө менен жүргүзүлөт.

12. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган педагогикалык кызматкердин эмгек акысынан кармап калууну жүргүзүүгө тыюу салынат.

### 44-берене. Педагогикалык кызматкердин социалдык укуктары жана кепилдиктери

1. Мамлекет педагогикалык кызматкерге тийиштүү эмгек, турмуш-тиричилик шарттарын жана социалдык жеңилдиктерди камсыз кылат.

2. Педагогикалык кызматкердин эс алуу укугу педагогикалык окуу жүгүн сарамжалдуу пландаштыруу, жумалык эс алууну, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган ар жылдык акы төлөнүүчү өргүүлөрдү берүү менен камсыз кылынат.

3. Педагогикалык кызматкердин иш күнүнүн жана иш жумасынын узактыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

4. Мамлекет педагогикалык кызматкерлерге жана илимий-педагогикалык кызматкерлерге илимий-педагогикалык, окуу-методикалык, ойлоп табуучулук, эксперименталдык жана эксперттик иш үчүн чыгармачылык өргүү берүүнү кепилдейт.

5. Педагогикалык кызматкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы, дарылоо-профилактикалык иш-чараларын жүргүзүү менен ишке ашырылуучу ден соолукту коргоо чараларын алууга укуктуу.

6. Педагогикалык кызматкерге ар жыл сайын милдеттүү түрдө мамлекеттик дарылоо-профилактикалык мекемелеринде акысыз амбулатордук медициналык текшерүү жүргүзүлөт.

7. Педагогикалык кызматкер коммуналдык кызматтарга акы төлөө боюнча жеңилдиктерге, жеке турак жай курууга пайызсыз ссудаларга, санаториялык-курорттук дарылanууга, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген пансионаттарда жана туристтик базаларда эс алууга укуктуу.

8. Айыл жерине иштөөгө жиберилген кесиптик орто жана жогорку билим берүү уюмдарынын педагогикалык факультеттеринин бүтүрүүчүлөрүнө менчигинин түрүнө карабастан айылдык билим берүү уюмдарында иштеген бардык мезгилинде анык аскердик кызматка чакыруудан кийинкиге калтыруу берилет жана жаш мугалимдин депозити берилиши мүмкүн.

9. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен педагогикалык кызматкерлерге жеңилдиктерди бере алышат.

10. Педагогикалык кызматкерлерди кесиптик иши менен байланышпаган башка иштерге тартууга жол берилбейт.

11. Педагогикалык кызматкерлердин балдарына мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарындагы орундар биринчи кезектеги тартипте берилет.

**45-берене. Педагогикалык кадрларды кесиптик жактан өнүктүрүү**

1. Кыргыз Республикасында педагогикалык кадрларды кесиптик жактан өнүктүрүүнү (даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну) орто жана жогорку билим берүү уюмдары менчигинин кандай түрүнө карабастан жүзөгө ашырат.

2. Педагогикалык багыттарга/адистиктерге окуучуларды кабыл алуу менчигинин кандай түрүнө карабастан билим берүү уюмдарына мамлекеттик билим берүү тапшырыгынын чегинде конкурстук негизде жүргүзүлөт.

3. Педагогикалык багыттагы/адистиктеги билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

4. Мамлекет билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик стандарттарын жана аларды көз карандысыз сертификациялоо тутумун иштеп чыгууга жана колдонууга киргизүүгө көмөк көрсөтөт.

## 12-Глава
## Экономикалык негиз жана билим берүүнү каржылоо

**46-берене. Билим берүү тутумун каржылоо булактары**

Билим берүүнү каржылоонун булактары:

1) республикалык бюджет;

2) жергиликтүү бюджеттер;

3) билим берүү уюмдарынын уюштуруучуларынын каражаттары, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын салымдары;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган иштин натыйжасында алынган билим берүү уюмдарынын каражаттары;

5) кредиттер жана гранттар

6) жалпы билим берүү уюмун өнүктүрүү үчүн кошумча каржылоо булагы катары тартылган ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) каражаттары;

7) баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын билим берүү кызматтары үчүн акы төлөө үчүн болгон каражаттар;

8) мектепке чейинки билим берүү уюмдарына ата-энелердин тамак-аш жана кам көрүү үчүн берген каражаттары;

9) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.

**47-берене. Билим берүү тутумун каржылоо принциптери**

Билим берүү тутумун каржылоо төмөнкү принциптерге ылайык жүзөгө ашырылат:

1) адам капиталын, жашоо сапатын жакшыртуу жана билим берүүнү инвестициялоо;

2) мамлекеттик билим берүү стандартынын чегинде мамлекет кепилдеген билим алууга Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын бирдей жеткиликтүүлүгү;

3) "бюджеттик акчанын окуучулардын артынан жүрүүсү" ыкмасын колдонуу менен бир окуучуга ченемдик каржылоону колдонуу;

4) билим берүү уюмдарынын административдик жана финансылык автономиялары;

5) менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмунун кирешелеринин жана чыгашаларынын натыйжалуулугу, жыйынтыктуу болушу, ачыктыгы жана отчеттуулугу.

Окуучулар үчүн акысыз билим берүүсүн мамлекеттик билим берүү уюмдары аркылуу бюджеттик каржылоо, билим берүү уюмдарынын билим берүү кызматтарын сатып алууга бюджеттик каражаттар менен төлөө же мамлекеттик билим берүү гранттарын берүү аркылуу ишке ашырылат.

**48-берене. Билим берүү тутумунун каражаттарын пайдалануу**

Билим берүү тутумунун каражаттары төмөнкүлөргө пайдаланылат:

- билим берүү кызматтарын көрсөтүү;
- билим берүү уюмунун инфраструктурасын өнүктүрүү жана күтүү;
- педагогикалык кызматкерлердин кесиптик өнүгүүсү;
- билим берүү уюмунун башка максаттуу чыгымдары.
- билим берүү тутумунун жалпы абалына жана мамлекеттик саясатты ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү;
- билим берүүнүн жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык изилдөөлөргө катышуу.

**49-берене. Мамлекеттик билим берүү гранты**

1. Мамлекет менчигинин түрүнө карабастан кесиптик билим берүү уюмдарында жеке жактын (грант ээсинин) окуусуна акы төлөө үчүн республикалык бюджеттин каражаттарынан мамлекеттик билим берүү грантын берет.

2. Республикалык бюджеттин эсебинен артыкчылыктуу багыттар/адистиктер боюнча адистерди даярдоого кесиптик билим берүү программалары боюнча мамлекеттик билим берүү гранттарынын саны, ошондой эле кесиптердин, адистиктердин тизмеси жыл сайын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

3. Кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча I жана II топтордогу майыптарга, бала кезинен майыптарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга, жетим балдарга жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга бөлүнүүчү мамлекеттик билим берүү гранттарынын саны жыл сайын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

4. Мамлекеттик билим берүү гранттарынын эсебинен кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарына окуучуларды кабыл алуу планы мурунку жылдын планынан төмөн эмес деңгээлде сакталат.

5. Кесиптик билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

6. Кесиптик билим берүү уюмдарына мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде кабыл алуу абитуриенттердин социалдык категорияларынын пайыздык катышын эске алуу менен жүргүзүлөт.

**50-берене. Билим берүү кызматтары үчүн тарифтер жана эсептешүүлөр**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында билим берүү уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарына акы төлөө билим берүү уюмунун банктык эсебине же казыналыктын атайын эсебине акча каражаттарын чегерүү жолу менен накталай эмес ыкма аркылуу улуттук валютада гана жүргүзүлөт.

2. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча белгиленет.

**51-берене. Билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасы**

1. Материалдык-техникалык базага билим берүү уюмунун билим берүү, илимий-изилдөө ишинде пайдаланылуучу имараттар, курулуштар, коммуникациялар, жабдуулар, транспорт каражаттары, ошондой эле башка материалдык жана техникалык активдер кирет.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү билим берүү уюму тарабынан ага бекитилген бюджеттик жана өздүк каражаттардын чегинде ишке ашырылат. Жабдууларды сатып алууга, капиталдык оңдоого кеткен чыгымдардын өлчөмү Билим берүү уюмунун кирешелеринин жана чыгашаларынын белгиленген тартипте бекитилген сметаларынын чегинде болгон муктаждыкка жана финансылык каражаттарга жараша лимиттерди белгилебестен билим берүү уюму тарабынан өз алдынча аныкталат.

3. Жеке билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү уюму тарабынан уюштуруучунун каражаттарынын жана өздүк каражаттардын эсебинен иштелип чыгат жана билим берүү уюмунун менчиги болуп саналат.

4. Кыргыз Республикасынын билим берүүнү башкаруунун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана аймактык органдары ведомстволук билим берүү уюмдарына алардын материалдык-техникалык базасын күтүү жана өнүктүрүү маселелерин чечүүдө жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

5. Билим берүү, илимий-изилдөө, өндүрүштүк иште жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка милдеттерди чечүү үчүн пайдаланылган мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасы акысыз ээлик кылууга, пайдаланууга берилбейт жана ажыратылбайт. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасын ижарага берүүдөн алынган киреше билим берүү уюму тарабынан өз алдынча бөлүштүрүлөт.

**52-берене. Билим берүү тутумунунун менчик мамилелери**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарына алардын ишин камсыз кылуу максатында уставда каралган жер участоктору, имараттар, курулмалар, жабдуулар, ошондой эле керектөө, социалдык, маданий жана башка багыттагы зарыл болгон башка мүлктөр оперативдүү башкаруу укугунда бекитилет. Жер участокторун пайдалануу укугу Кыргыз Республикасынын Жер кодекси аркылуу жөнгө салынат.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жер участоктору, имараттары жана курулмалары, анын ичинде эл аралык келишимдердин негизинде берилген жер участоктору менчиктештирүүгө, сатууга жана алып коюуга, күрөөгө коюуга, алмашууга же башка ээликтен ажыратууга жатпайт.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын мүлкү билим берүүдөн башка максаттарга пайдалануу үчүн алынып коюлбайт.

4. Жеке билим берүү уюму ага мурда бекитилип берилген же ижарага алынган мамлекеттик менчикти сатып алууда артыкчылык укугунан пайдаланат.

5. Мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдары өз ишин камсыз кылуу максатында өзүнө бекитилген мүлктү Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында каралган тартипте ээликтен ажыратууга же башка ыкма менен тескөөгө укуктуу.

6. Билим берүү уюму мүлктүн сакталышы, натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

## 13-глава
## Билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтык

### 53-берене. Эл аралык кызматташтык

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтыгы эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге негизделет.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, билим берүү уюмдары чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер, ишканалар жана уюмдар менен түз байланыштарды орнотууга, мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү, илимий жана илим-изилдөө программаларын жүзөгө ашырууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттер аралык жана эл аралык коомдук билим берүү бирикмелерине кирүүгө, билим берүүнүн жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык изилдөөлөргө Кыргыз Республикасынын катышуусуна көмөк көрсөтүүгө укуктуу.

## 14-глава
## Корутунду жоболор

### 54-берене. Ушул Мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

1. Ушул Мыйзамды бузган же анын аткарылышына тоскоолдук кылган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрация органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, билим берүү уюмдары, башка юридикалык жана жеке жактар өз ыйгарым укуктарынын жана милдеттеринин чегинде ушул Мыйзамды ишке ашырууну камсыз кылышат. Ушул Мыйзамды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн күнөөлүү кызмат адамдары жана башка адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

### 55-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

1. Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) "Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 26-ноябрындагы № 129 Мыйзамы;

2) «Мугалимдин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 14-январындагы № 9 Мыйзамы

3) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги № 92 Мыйзамы;

4) “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолор жана өзгөртүү киргизүү тууралу” Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 18-июлундагы № 105 Мыйзамы;

5) “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралу” Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 30-июлундагы № 117 Мыйзамы;

6) “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралу” Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-декабрындагы № 210 Мыйзамы;

7) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралу” Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-декабрындагы № 225 Мыйзамы;

8) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 31-июлундагы № 111 Мыйзамы;

9) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 31-июлундагы № 115 Мыйзамы;

10) “Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу” Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 5-апрелиндеги № 53 Мыйзамы;

11) Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-январындагы № 10 Мыйзамынын 2-беренеси;

12) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июнундагы № 185 Мыйзамы;

13) “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 25-июнундагы № 189 Мыйзамы;

14) “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 29-июнундагы № 198 Мыйзамы;

15) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 15-январындагы № 2 Мыйзамы;

16) “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 26-мартындагы № 56 Мыйзамы;

17) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 13-июнундагы № 42 Мыйзамы;

18) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 8-августундагы № 150 Мыйзамы;

19) “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 29-декабрындагы № 255 Мыйзамы;

20) **“**Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 29-декабрындагы № 206 Мыйзамы;

21) “Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-апрелиндеги № 28 Мыйзамы;

22) “Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-январындагы № 3 Мыйзамы;

23) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 4-июлундагы № 110 Мыйзамы;

24) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамы;

25) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199 Мыйзамы;

26) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 16-декабрындагы № 221 Мыйзамы;

27) “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 30-майындагы № 82 Мыйзамынын 2, 3-беренелери;

28) Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 Мыйзамынын 9, 12-беренелери;

29) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 16-январындагы № 15 Мыйзамы;

30) “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 82 Мыйзамынын 2-беренеси;

31) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 17-апрелиндеги № 84 Мыйзамы;

32) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу 2015-жылдын 3-августундагы № 213 Мыйзамы;

33) Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө”, “Билим берүү жөнүндө”, “Маданият жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 29-июнундагы № 92 Мыйзамынын 2-беренеси;

34) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 22-февралындагы № 32 Мыйзамы;

35) Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Билим берүү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 23-майындагы № 84 Мыйзамынын 1-беренеси;

36) “Майыптык маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 100 Мыйзамынын 8-беренеси;

37) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 16-февралындагы № 22 Мыйзамы;

38) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 30-июлундагы № 76 Мыйзамы;

39) Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 2-августундагы № 78 Мыйзамы;

40) “Бюджеттик мыйзамдар чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 17-майындагы № 64 Мыйзамынын 3-беренеси;

41) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 14-июнундагы № 71 Мыйзамы;

42) Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 1-июлундагы № 78 Мыйзамы;

43) “Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 4-декабрындагы № 135 Мыйзамы;

44) Чет өлкөнүн жарандыгы бар мекендештердин укуктук абалы маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 24-июлундагы № 89 Мыйзамынын 6-беренеси;

45) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 14-августундагы № 128 Мыйзамы;

46) “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Билим берүү жөнүндө”, “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 23-мартындагы № 38 Мыйзамы;

47) “Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 22-майындагы № 64 Мыйзамы;

48) “Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоонун алкагында айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” 2021-жылдын 29-ноябрындагы № 142 Мыйзамынын 4-беренеси.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**